<u>Kyrgyz Забур - WP Praying Psalms</u>

Забур 67:2 Кудай ордунан турсун, Анын душмандары чабылып-чачылсын, Аны жек көргөндөр Анын жүзүнөн качсын!

Забур 5:10,11 Анткени алардын оозунда чындык жок: алардын жүрөгү – бүлгүн, кекиртеги – ачык мүрзө, тилдери менен жасакерленишет. 11 Кудай, аларды жазала, алар өздөрүнүн арам оюнан апат болушсун. Аларды көп мыйзамсыз иштери үчүн четке как, анткени алар Сага баш ийишкен жок.

Забур 10:6 Ал кудайсыздарга күйүп турган чокту, отту, күкүрттү жамгырдай жаадырат. Күйгүзгөн ысык шамал – алардын чөйчөктөгү үлүшү.

Забур 17:15 Өзүнүн жебелерин тартып, аларды туш-тушка чачыратты; көп чагылган жиберип, аларды туш-тушка качырды.

Забур 17:18 Мени күчтүү душманымдан, менден күчтүү болгон жек көрүүчүлөрдөн куткарды.

Забур 17:40 Анткени Сен мага согушканга күч бердиң, мага каршы көтөрүлгөндөрдү бут алдыма жыгып бердиң.

Забур 17:46 Бөтөн элдер кумсарып, өздөрүнүн сепилдеринде титиреп отурушат.

Забур 26:11 Теңир, мага Өзүңдүн жолуңда жүргөндү үйрөт, душмандарым үчүн мени чындык жолуна сал.

Забур 34:1-8 Теңир, мени менен күрөшкөндөр менен күрөш, мени менен согушкандар менен согуш. 2 Калкан, соот алып, мага жардамга кел. 3 Кылычыңды кынынан сууруп, мени кууп келе жаткандардын жолун торо. Менин жаныма: «Сенин куткаруучуң Менмин!» – деп айт. 4 Мени өлтүргүсү келгендер уятка калышсын, шылдың болушсун. Мага жамандык каалагандар артына качып, абийири төгүлсүн. 5 Алар шамал сапырган самандай болушсун, Теңирдин периштеси аларды кууп жиберсин. 6 Алардын жолу караңгы жана тайгак болсун, Теңирдин периштеси аларды куугунтуктасын. 7 Анткени алар мага себепсиз ор казышкан, тор жайышкан. Менин айыпсыз жаным үчүн көр казышкан. 8 Ага күтүлбөгөн өлүм келсин, мага жашыруун жайган торуна өзү түшсүн, торуна өзү түшүп өлсүн.

Забур 51:7 Ошон үчүн Кудай сени таптакыр кыйратат, сени

өзүңдүн турак-жайыңдан, тамырыңды тирүүлөр жашаган жерден сууруп алып ыргытат.

Забур 59:14 Кудай менен күчтүүбүз, Ал душмандарыбызды кулатат.

Забур 65:3 Кудайга: «Сенин иштериң кандай коркунучтуу! Сенин күчүң зор, ошондуктан Сага душмандарың багынат», – дегиле.

Забур 67:36 Кудайым, Сен Өзүңдүн ыйык жайыңда коркунучтуусуң. Ысрайыл Кудайы – Ал Өз элине күч-кубат берет. Кудайга даңк!

Забур 69:2 Кудайым, мени куткарууга шашыл; Теңирим, мага жардамга шашыл!

Забур 70:13 Мага душман болгондор уятка калып жок болушсун. Мага жамандык издегендер шылдың болуп, абийири төгүлсүн.

Забур 75:13 Ал төрөлөрдүн рухун баш ийдирет, жердеги падышалар үчүн Ал коркунучтуу.

Забур 117:10 Бардык элдер мени курчап алышты, бирок мен аларды Теңирдин ысымы менен талкаладым.

Забур 117:12 Алар мени аарыдай курчап алышты, бирок алар тикенек күйүп өчкөндөй өчүштү, мен аларды Теңирдин ысымы менен талкаладым.

Забур 149:8,9 алардын падышаларын туткундашсын, төрөлөрүн кишендешсин. 9 Аларга жазылган өкүмдү жүзөгө ашырышсын. Бул – Анын бардык ыйыктары үчүн урмат. Теңирди даңктагыла!


Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org